УДК 371.035.6
DOI 10.58649/1694-9099-2025-4-5-9

**АЙТЫМБЕТОВА Д.А., ЖУСУПОВА А.**
Жусуп Баласагын атындагы КУУ
**АЙТЫМБЕТОВА Д.А., ЖУСУПОВА А.**
КНУ имени Жусупа Баласагына
**AITYMBETOVA D.A., JUSUPOVA A.**
KNU Jusup Balasagyn

# ЖАШ МУУНДУН МЕКЕНГЕ БОЛГОН СҮЙҮҮСҮН КАЛЫПТАНДЫРУУДА КЛАССТАН ТЫШКАРКЫ ИШТЕРДИН ПЕДАГОГИКАЛЫК МҮМКҮНЧҮЛҮКТӨРҮ

## ПЕДАГОГИЧЕСКИЕ ВОЗМОЖНОСТИ ВНЕКЛАССНОЙ РАБОТЫ В ФОРМИРОВАНИИ У МОЛОДОГО ПОКОЛЕНИЯ ЛЮБВИ К РОДИНЕ

## PEDAGOGICAL OPPORTUNITIES OF EXTRACURRICULAR ACTIVITIES IN SHAPING THE LOVE OF THE YOUNGER GENERATION FOR THE MOTHERLAND

**Кыскача мүнөздөмө:** Бул макалада жаш муундун мекенге болгон сүйүүсүн калыптандырууда класстан тышкаркы иштердин педагогикалык мүмкүнчүлүктөрү кеңири каралат. Макаланын актуалдуулугу кыргыз коомунда улуттук аң-сезимди жана мекенчилдикти өнүктүрүү маселесине байланыштуу. Класстан тышкаркы иш-чаралардын түрлөрү, заманбап педагогикалык ыкмалары жана мугалимдин ролу талданып, бул иш-чаралардын окуучулардын патриоттук сезимин өстүрүүдө канчалык натыйжалуу экендиги изилденет. Мектептерге практикалык сунуштар берилет, анын ичинде жергиликтүү коом менен кызматташтыкты күчөтүү, санариптик технологияларды колдонуу жана мугалимдердин методикалык даярдыгын жогорулатуу каралган. Макала билим берүү тармагында мекенчилдик тарбияны жогорулатууга багытталган илимий-практикалык изилдөө болуп саналат.

**Аннотация:** В данной статье рассматриваются педагогические возможности внеклассной работы в формировании у подрастающего поколения любви к Родине. Актуальность статьи связана с проблемой развития национального сознания и патриотизма в кыргызском обществе. Проанализированы типы внеклассной деятельности, современные педагогические методы и роль учителя, а также изучено, насколько эффективны эти виды деятельности в воспитании у учащихся чувства патриотизма. Даны практические рекомендации, в том числе по укреплению сотрудничества с местным сообществом, использованию цифровых технологий и повышению методической подготовки учителей. Статья представляет собой научно-практическое исследование, направленное на повышение патриотического воспитания в сфере образования.

**Abstract:** This article examines in detail the pedagogical possibilities of extracurricular activities in the formation of love for the Motherland among the younger generation. The relevance of the article is related to the problem of the development of national consciousness and patriotism in Kyrgyz society. The types of extracurricular activities, modern pedagogical methods and the role of the teacher will be analyzed, as well as how effective these activities are in fostering students' sense of patriotism. Practical recommendations will be given to schools, including strengthening cooperation with the local community, using digital technologies and improving teacher training. The article is a scientific and practical study aimed at improving patriotic education in the field of education.

**Негизги сөздөр:** мекенге болгон сүйүү; патриоттук тарбия; класстан тышкаркы иштер; педагогикалык мүмкүнчүлүктөр; улуттук аң-сезим; заманбап педагогика; социалдык активдүүлүк; тарбиялык иш-чаралар.

**Ключевые слова:** любовь к Родине; патриотическое воспитание; внеклассная работа; педагогические возможности; национальное самосознание; современная педагогика; социальная активность; воспитательная деятельность.

**Keywords:** love for the Motherland; patriotic education; extracurricular activities; pedagogical opportunities; national identity; modern pedagogy; social activity; educational activities.

Кыргызстан бүгүнкү күндө социалдык, экономикалык жана маданий жактан жаңылануу жолунда бара жатат. Мындай шартта өлкөнүн келечеги болгон жаш муунду мекенчилдик, жарандык жоопкерчилик жана улутту к аң-сезим менен тарбиялоо - заманбап билим берүүнүн негизги багыттарынын бири болуп саналат. Ааламдашуу, маданий аралашуу жана технологиялык өзгөрүүлөр шартында жаштардын руханий дүйнөсүндө улуттук баалуулуктарга болгон мамилени сактоо жана өнүктүрүү өзгөчө мааниге ээ болууда.

Кыргызстандын коомдук-тарыхый өнүгүүсү патриоттук тарбияны артыкчылыктуу багыт катары карап келет. Мекенге болгон сүйүү, улуттук өзүнчөлүктү сактоо жана жарандык жоопкерчилик – булар жаш муунду тарбиялоодо негизги баалуулуктар. Бул багытта өзгөчө роль заманбап мугалимге жүктөлөт, анткени билим берүү мекемелери – патриоттук аң-сезимди калыптандыруунун негизги чөйрөсү болуп саналат. [1]

Патриоттуулук – бул мекенди сүйүү, эл-жерди, улуттук маданиятты, тилин жана тарыхын урматтоо менен коштолгон ички ишеним. Ар бир мамлекет үчүн патриоттуулукка тарбиялоо – жаш муундун аң-сезимин калыптандыруудагы маанилүү багыт. XXI кылымдын чакырыктары жана дүйнөлүк глобалдашуу шарттарында бул маселеге өзгөчө көңүл буруу зарыл болуп жатат.

Патриоттук тарбиянын жыйынтыгы - бул жигердүү жаран. Жаштар өлкөнүн өнүгүшүнө салым кошууну каалап, коомдук иштерге катышуусу керек. Алар экологияны коргоо, социалдык долбоорлор, волонтердук ишмердүүлүк аркылуу өз өлкөсүнө болгон сүйүүсүн иш жүзүндө көрсөтө алышат.

Мектеп жашындагы балдардын патриоттук сезимин калыптандыруу иши негизинен формалдуу билим берүү аркылуу эмес, бейформал жана класстан тышкаркы иштер аркылуу тереңирээк ишке ашат. Бул иштер окуучулардын чыгармачылыгын, жаратмандыгын, мекенге болгон сүйүүсүн жана социалдык активдүүлүгүн өстүрүүдө натыйжалуу каражат болуп берет. Өзгөчө, заманбап педагогикалык технологияларды колдонуу жана жергиликтүү коомчулук менен тыгыз байланышта болуу класстан тышкаркы иштердин актуалдуулугун жана натыйжалуулугун арттырат.

Бул тарбиялык багыттын теориялык негиздери болуп Мекенге болгон сүйүүнүн тарбиялык мааниси, класстан тышкаркы иштердин психологиялык жана педагогикалык негиздемеси жана ушул темадагы илимий иштерге шилтемелер эсептелинет.

Азыркы учурда класстан тышкаркы иштердин түрлөрү жана формаларына ата-бабалардын тарыхын изилдөө клубдары, Мекенге арналган дил баян, сүрөт, ыр сынактары, этнографиялык экскурсиялар, аскердик-патриоттук иш-чаралар, волонтердук жана коомдук кызматтар кирет.

Патриоттук тарбиялоого төмөнкүдөй заманбап ыкмаларды колдонуу аркылуу сапаттуу жыйынтыктарга жетсе болот деген ойдобуз. Аларага санариптик технологияларды колдонуу (видеоролик тартуу, онлайн-платформалар), Мекен темасында подкаст, медиа долбоорлор, социалдык тармактарда позитивдүү контент жаратуулар кирет.

Учурда жаштар интернет жана социалдык тармактар аркылуу дүйнөлүк маданият менен тыгыз байланышта болушууда. Бул кубулуш позитивдүү мүмкүнчүлүктөрдү жараткан менен, кээде улуттук өзгөчөлүктөрдү, тарыхый баалуулуктарды унуттурган жагдайларга алып келет. Патриоттук тарбия ушул шартта улуттук иденттүүлүктү сактап калуунун куралы болуп саналат.

Патриоттук тарбия мектептен, бала бакчадан башталып, жогорку окуу жайларында тереңдетилип жүргүзүлүшү керек. Окуу программаларына тарых, адабият жана жарандык билим берүү сабактары аркылуу мекенге болгон сүйүүнү арттыра турган темалар киргизилиши зарыл. Мисалы, кыргыз элинин баатырлары, маданияты жана эгемендүүлүккө жетишүү тарыхы тууралуу билим берүү чоң мааниге ээ.

Үй-бүлө – бул баланын биринчи тарбиячысы. Ата-энелер өздөрү мекенге берилген, мыйзамдарды урматтаган инсандар болушса, балдар да ошого жараша калыптанат. Мындан тышкары, коомдо белгилүү инсандар – мугалимдер, жазуучулар, искусство жана спорт өкүлдөрү патриотизмдин үлгүсү болушу керек.

Айрым учурларда патриоттуулукка тарбиялоо саясий максаттарда колдонулушу мүмкүн. Бул көрүнүш патриоттук тарбияга болгон коомдук ишенимди төмөндөтөт. Ошондуктан, чыныгы патриоттук сезимдерге негизделген, саясий эмес, тарбиялык

баалуулуктарга таянган ишмердүүлүк жүргүзүлүшү керек.

Билим берүү тармагы дүйнөлүк өзгөрүүлөргө жана технологиялык өнүгүүлөргө жараша бат өзгөрүүдө. Бул шартта мугалимдин ролу мурдагыдай билим берүүчү гана эмес, тарбиячы, кеңешчи жана дем берүүчү катары дагы кеңейип жатат. Заманбап мугалим – бул жаңычыл ой жүгүрткөн, өз ишине шыктанып, окуучунун мүмкүнчүлүктөрүн толук ачып бере алган инсан болушу керек. [2]

Заманбап мугалим өлкөнүн тарыхын, тилин, маданиятын терең билген жана ошол билимди балдарга жеткире алган инсан болушу керек. Ал Манас дастанын, тарыхый баатырларды, эгемендүүлүккө жетүү жолундагы күрөштү окуучуларга кызыктуу формада түшүндүрүп бере алышы зарыл.

Патриоттук тарбия жалаң эле сөз менен чектелбестен, иш жүзүндө көрсөтүлүшү керек. Мугалим окуучуларды коомдук иштерге, экологиялык акцияларга, волонтердук иштерге тартуу аркылуу жарандык жоопкерчилик сезимин калыптандырат. Бул – мекенге болгон сүйүүнү иш жүзүндө көрсөтүүнүн эффективдүү жолу.

Кыргыз тилин урматтоо жана таза сүйлөө – патриотизмдин өзөгү. Заманбап мугалим окуучуларга кыргыз тилинде өз оюн так жана туура айтууну, улуттук кийим, тамак-аш, салт-санааны таанып-билүүнү үйрөтүшү керек. Бул аркылуу мугалим маданий иденттүүлүктү сактоого чоң салым кошот. Ар бир эле элдин улут экенин билгизген башкы көрсөткүч – эне тил. Эне тилибиз – улуттун жүрөгү. Канында жүгүрүп, көөдөнүндө согуп турган эне тили – жүрөгү токтосо, эл улут катары жашоосун токтотот. Эне тилин жоготкон, унуткан адам – тирүү өлүк, маңкурт, экономикалык макулук. «Эне тилин билбеген, элин сүйүп жарытпайт» Байдылда Сарногоев айткан. [3]

Бирок, Глобалдашуу доорунда жаштардын башка маданияттарга кызыгуусу күч. Мугалим бул шартта жаштарга дүйнөлүк маданиятты урматтоо менен бирге өз мекенине болгон сый-урматты жоготпоонун маанисин түшүндүрүшү зарыл. Башкача айтканда, заманбап мугалим улуттук өзгөчөлүктү жоготпостон дүйнөлүк интеграцияга даярдоочу адам болушу керек. Бүгүнкү күндө окумуштуулар мекенчилдик жараянына ар кандай көз караштарды айтышууда тарбиялоо. Патриоттук тарбия социалдык көрүнүш катары да каралат жана педагогикалык ишмердүүлүктүн багыты катары жана коомдук турмуштун фактору катары адамдын социалдашуусу. [4]

Патриоттук тарбиядагы эң күчтүү ыкма – бул мугалимдин өзүнүн жүрүм-туруму. Ал мыйзамды урматтап, коомдук иш-чараларга активдүү катышып, мекендин кызыкчылыгын биринчи орунга коюп, окуучуларга үлгү болушу керек.

2025-жылдын 21 майында Кыргызстанда мамлекеттик тилди өнүктүрүү жана колдоо багытында жаңы концепция сунушталып, бул маселе Жогорку Кеңеште кызуу талкууланды. Депутаттардын бул концепцияга болгон мамилеси ар түрдүү болду.Коопсуздук жана улуттук иденттүүлүк маселесин талкуулап, кээ бир депутаттар мамлекеттик тилдин өнүгүшү улуттук коопсуздук жана иденттүүлүк үчүн маанилүү экенин белгилешти. Алар тилди өнүктүрүү аркылуу коомдук биримдикти жана улуттук өзүнчөлүктү сактоого басым жасашты. Маданий ар түрдүүлүккө урмат көрсөтүү боюнча айрым депутаттар мамлекеттик тилди өнүктүрүү менен бирге өлкөдөгү башка улуттардын тилдерин жана маданияттарын сактоо зарылдыгын белгилешти. Алар бул концепциянын бардык этностордун укуктарын эске алышын талап кылышты. Буларды ишке ашыруу механизмдерин талкуулап жатып, депутаттар концепциянын ишке ашыруу механизмдерине да көңүл бурушту. Алар тилди өнүктүрүү үчүн конкреттүү чаралар жана ресурстар талап кылынарын, бул багытта өкмөттүн жоопкерчилиги чоң экенин белгилешти. [5]

Демек, тил – бул улуттун жүзү, тарыхынын, маданиятынын жана рухий дөөлөттөрүнүн күзгүсү. Ар бир мамлекет үчүн мамлекеттик тил – улуттук биримдиктин жана көз карандысыздыктын символу. Кыргызстанда тил маселеси патриоттук тарбия менен тыгыз байланышта. Мекенди сүйүү, улуттук баалуулуктарды урматтоо тилди сактап, өнүктүрүүдөн башталат.

Кыргыз тили – кыргыз элинин тарыхын, каада-салтын, дүйнө таанымын чагылдырган негизги курал. Өз тилин билбеген, аны сыйлабаган адам өз улутунун маданиятын да терең түшүнө албайт. Демек, тилге болгон мамиле - бул патриотизмдин түз көрсөткүчү. Патриоттук тарбия тилди өнүктүрүү жана урматтоо менен тыгыз байланышта болушу керек.

Кыргызстандын Конституциясында кыргыз тили мамлекеттик тил деп таанылган.

Бирок практикалык турмушта кыргыз тилинин бардык чөйрөдө эркин жана толук колдонулушу кыйынчылыктарга туш болууда. Бул тилдин өнүгүшүнө тоскоолдук жаратып, жаш муунда мамлекеттик тилге болгон кызыгуу төмөндөп кетүү коркунучун жаратат. Бул учурда патриоттук тарбия тилди ар тараптан колдоо аркылуу күчөшү керек.

Кыргызстанда көп улуттуу эл жашайт. Бул шартта тил маселеси жарандык биримдикти чыңдоонун куралы катары каралышы керек. Мамлекеттик тилге урмат менен мамиле кылуу жана ошол эле учурда башка улуттардын тилдерин баалоо - патриотизмдин ачык көрүнүшү.

Патриотуулуктун мазмунун аныктоодо маанилүү учур болуп патриотуулуктун инсандык маанисинин жана анын коллективдик мүнөзүнүн өз ара байланышын күчөтүү саналат. Мекенди сүйүү – бул эң жогорку моралдык сезим катары коомдун, Ата Мекендин муктаждыктарын өзүнчө инсандын жеке муктаждыктарына трансформациялоону шарттайт. [6] Патриоттук тарбия жана тилге болгон сүйүү үй-бүлөдөн жана билим берүү мекемелеринен башталат. Мугалимдер, ата-энелер кыргыз тилин күнүмдүк турмушта колдонуу, китеп окуу, чыгармачылык менен алектенүү аркылуу жаштарда тилге болгон сый-урматты калыптандырышат. Бул өз кезегинде мекенге болгон сүйүүнү күчөтөт. Ушундай иш-чараларды мектепте, окутуу процессинен сырткары да жүргүзсө болот.

Жаш муундарды патриоттуулукка тарбиялоодо колдонула турган бир нече натыйжалуу ыкмалар бар. Баарынан маанилүүсү, балдар жана жаштар өз өлкөсүнө, анын тарыхына жана маданиятына катышуусун сезе ала турган жагымдуу чөйрөнү түзүү маанилүү. Тарых сабактарын, патриоттук иш-чараларды жана салтка жана улуттук майрамдарга байланыштуу командалык иш-чараларды мектеп программаларына киргизүү да маанилүү.

Экинчи ыкма-жаштардын коомдук турмушка активдүү катышуусу үчүн шарттарды түзүү. Волонтердук долбоорлорго, улуттук конкурстарга жана спорттук иш-чараларга катышуу жарандык жоопкерчиликтин жана мекенчилдиктин практикалык көндүмдөрүн калыптандырат.

Үчүнчү ыкма заманбап технологияларды жана медианы колдонууну камтыйт. Интернеттин жана социалдык медианын күчү Улуттук тарых, маданият жана жетишкендиктер жөнүндө билимдерди жайылтуу жана жайылтуу үчүн колдонулушу мүмкүн. Патриоттук темага арналган атайын тиркемелерди, веб-сайттарды жана мобилдик тиркемелерди түзүү жаштардын көңүлүн буруп, алардын патриоттук баалуулуктарын бекемдөөгө жардам берет. [] https://nvjournal.ru/article/Patrioticheskoe_vospitanie/

Жаштар коомдун келечеги катары кыргыз тилинин өнүгүшүндө өзгөчө орунда тураары белгилүү. Алар тилди үйрөнүп эле тим болбостон, аны өнүктүрүүгө салым кошушу зарыл – көркөм адабият жазуу, медиа контент жаратуу, интернет булактарын туура колдонуу, коомдук иш-чараларга активдүү катышуу аркылуу. Бул патриоттуулукка тарбиялоонун заманбап жолдору болуп эсептелет.

Кыргыз тилине болгон сый-урмат – бул жөн гана тил саясаты эмес, улуттук аң-сезимди, патриоттуулукту калыптандыруунун негизи. Мекенди сүйүү – өз эне тилин сүйүүдөн башталат. Тил менен патриоттуулукту бириктирүү – мамлекеттин туруктуу өнүгүүсүнүн кепилдиги.

Жалпылап айтканда, патриоттук тарбия – улуттук коопсуздуктун, коомдук туруктуулуктун жана мамлекеттүүлүктүн негизги таянычы. Заманбап шарттарда бул маселеге калыс, жүйөөлүү жана үзгүлтүксүз мамиле жасоо зарыл. Мекенди сүйгөн жаш муун – бул өлкөнүн эртеңкисинин кепилдиги.

Заманбап мугалим – бул ар дайым жаңы билимге умтулган, кесиптик чеберчилигин үзгүлтүксүз жогорулатып турган адис. Ал семинар, тренингдерге катышып, методикалык жаңы ыкмаларды үйрөнүп, окуу процессине жаңылыктарды киргизүүгө умтулат.

Кыргызстанда патриоттук тарбия улуттук биримдиктин, коомдук туруктуулуктун жана мамлекеттүүлүктүн пайдубалы болуп эсептелет. Бул тармакта заманбап мугалим – борбордук фигура. Ал жаңычыл, маданияттуу, улуттук баалуулуктарды сактаган, ошол эле учурда дүйнөгө ачык жана прогрессивдүү инсан болушу зарыл. Мугалимдин ар бир сабагы, ар бир сөзү – бул келечек муундун жүрөгүндө мекенге болгон сүйүүнү жаратуучу курал.

Ошондуктан, бул теманын илимий-практикалык жактан изилденип, мугалимдерге, билим берүү мекемелерине жана тарбия иштерин жүргүзүүчүлөргө сунуштардын иштелип чыгышы бүгүнкү коомдун талабына жооп берет. Бул изилдөөнүн натыйжалары жаш

муундун улуттук аң-сезимин калыптандырууга, коомдук биримдикти чыңдоого жана туруктуу өнүгүүгө багытталган тарбиялык иштердин сапатын жогорулатууга өбөлгө болот деген ойдобуз.

Илимий маклабыздын аягында, заманбап жаш муундун патриоттук сезимдерин калыптандырууда класстан тышкаркы иштерди күчөтүү боюнча төмөнкүдөй сунуштарды берсек болот:

1. Мамлекеттик тилди жигердүү окутуу жана колдоо. Бардык мектептерде кыргыз тилин үйрөтүү программаларын жаңылоо. Интерактивдүү методдор менен тилди кызыктуу үйрөтүү (оюн, видео, диалог). Кыргыз тилин экинчи тил катары үйрөнгөн улут өкүлдөрүнө атайын курстарды бекер өткөрүү.

2. Медиа жана маданият аркылуу тилди жайылтуу. Кыргыз тилиндеги сапаттуу мультфильмдерди, сериалдарды жана шоу-программаларды көбөйтүү. Социалдык тармактарда кыргыз тилинде мазмун жараткан блогерлерди колдоо. Жаштар үчүн кыргызча китеп фестивалдарын, чыгармачылык конкурстарды өткөрүү.

3. Тилди колдогон мыйзамдардын ишке ашуусун көзөмөлдөө. Мамлекеттик органдарда кыргыз тилинде расмий жазышууларды күчөтүү. Мыйзам талаптарын бузган мамлекеттик кызматкерлерге административдик жоопкерчилик киргизүү.

4. Патриоттук тарбияга тилди интеграциялоо. Патриоттук тарбия темасындагы иш-чараларды мамлекеттик тилде өткөрүү. Кыргыз тарыхы, баатырлар, маданият тууралуу кыргыз тилинде ачык сабактарды, викториналарды уюштуруу. Жаш муунга өз эне тилинде ойлонуу жана сүйлөө мүмкүнчүлүгүн түзүү – бул патриотизмдин негизги куралы.

5. Үй-бүлөлүк жана коомдук колдоо. Ата-энелердин өз балдары менен кыргыз тилинде сүйлөшүүсүнө дем берүү. Коомдук жайларда, транспортто, мекемелерде мамлекеттик тилдин колдонуусун жогорулатуу.

**Колдонулган адабияттар**

1. Кыргыз Республикасынын Конституциясы. Мазмуну: Мамлекеттик тилдин макамы, жарандардын тил укуктары. Кыргыз Республикасынын Конституциясы, 2010 (2021-жылкы өзгөртүүлөр менен). – Режим доступа: https://cbd.minjust.gov.kg/112213/edition/1202952/kg
2. “Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тили жөнүндө” Мыйзам. Мазмуну: Кыргыз тилинин мамлекеттик статусу, колдонуунун тартиби. Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тили жөнүндө Мыйзам, 1989-ж. (2023-жылкы редакция менен)
3. Режим доступа: https://vestnik.knu.kg/wp-content/uploads/2023/04/ -111-2022.......pdf
4. Режим доступа: https://vestnik.knu.kg/wp-content/uploads/2023/01/VKNU2021_4.pdf
5. Кыргыз Республикасында патриоттук тарбия концепциясы. Кыргыз Республикасында 2021–2030-жылдарга карата патриоттук тарбия концепциясы, Өкмөттүн токтому аркылуу бекитилген (gov.kg сайты аркылуу жеткиликтүү).
6. Режим доступа: https://mosmol.ru/index.php?option=com_content&view=article&id=1016:2014-12-05-07-27-59&catid=58:wardship&Itemid=49
7. Жаңы тил концепциясы: депутаттардын каршылыгы жана колдоосу // Kaktus Media, 2025. – Режим доступа: https://kaktus.media

**Рецензент: пед. и.д., профессор Сулайманова Р.Т.**